**БЕКИТИЛДИ**
Жалал-Абад облусунун
Токтогул районуна караштуу
Абды Суеркулов айылдык кеңешинин
I чакырылышынын  2026 жылдын 10-мартындагы
XIV сессиясынын № 81 токтому менен
Тиркеме 2

# АБДЫ СУЕРКУЛОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ТИПТҮҮ ЖАЙЫТТАРДЫ БАШКАРУУ ЖАНА ПАЙДАЛАНУУ БОЮНЧА ПЛАНЫ

**2026-2030-ЖЫЛДАРГА КАРАТА (5 жылга чейин)**

**МАЗМУНУ**


**1. ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ....................................................................................... 3**

**1.1. Айыл аймагы боюнча маалымат: географиялык орду, климаты, айылдары жана калкы.........................................................................................3**

**1.2. Жер ресурстары.........................................................................................3**

**2. ЖАЙЫТ РЕСУРСТАРЫ, ИНФРАСТРУКТУРА ЖАНА АЛАРДЫН АБАЛЫ**

**2.1. Жайыт участокторунун картасы. ............................................................ 4**

**2.2. Жайыт ресурстарынын жалпы мүнөздөмөсү (аянты, түшүмдүүлүгү, сыйымдуулугу, абалы).........................................................................5**

**2.3. Жайыт инфраструктура объектилери жана алардын абалы.......................... 6**

**2.4. Климаттын өзгөрүшүн эске алуу менен жайыттардын абалын баалоо анализи.......... 6**

**3. МАЛДАРДЫН САНЫ, АЛАРДЫН ЖАЙЫТКА ЖАНА ДАЯРДАЛУУЧУ ТОЮТТАРГА БОЛГОН МУКТАЖДЫГЫ ................................... 7**

**3.1. Быйылкы жылга шарттуу малдын башы..........................................................7**

**3.2. 5 жылга карата болжолдуу шарттуу малдын башы жана тоютка болгон муктаждык....8**

**3.3. Сезон боюнча жайыттардагы жана жайыттан башка дагы жер участокторундагы тоюттун көлөмү..........................................................................9**

**3.4. Даярдалуучу тоюттун көлөмү ..........................................................................9**

**3.5. Тоют балансы......................................................................................................9**

**4. 5 ЖЫЛГА КАРАТА ЖАЙЫТТАРДЫ БАШКАРУУ ЖАНА ПАЙДАЛАНУУ, АЛАРДЫ ЖАКШЫРТУУ ЖАНА РЕАБИЛИТАЦИЯЛОО БОЮНЧА ОРТО МӨӨНӨТТҮҮ ПЛАНЫ....................... 10**

**4.1. Фокус топторду сурамжылоонун жыйынтыктарынын негизинде жайыт пайдалануучулардын муктаждыктарын баалоо анализи..................................... 10**

**4.2. Жайыттардын абалына мониторинг жана баалоо жүргүзүү боюнча чаралары. ......... 12**

**4.3. Жайыттарды пайдалануу планы.......................................................................13**

**4.4. Башка максаттарда жайыттарды башкаруу жана пайдалануу планы........................ 14**

**4.5. Малдардын ден-соолугун коргоо боюнча чаралар............................................ 15**

**4.6. Айлана чөйрөнү коргоо боюнча иш-чаралар................................................17**

**4.7. Инвестициялар жана иш-чаралар.....................................................................22**

**4.8. Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча пландын аткарылышына мониторинг жана баалоо жүргүзүү боюнча иш-чаралар.......................................................24**

# 1. ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

## 1.1. Айыл аймак боюнча маалымат -географиялык орду, климаты, айылдары жана калкы

Абды Суеркулов айыл аймагы Жалал-Абад облусунан 300км аралыкта жайгашкан. Абды Суеркулов айыл аймагынын климаты негизинен континенталдуу климаттарга кирет. Июнь айындагы абанын орточо температурасы 25-30°С, август айында - 20-25°С. Эң суук күндөр январь айына туш келет - - 30°С тен - 35°С ке чейин. Өтө ысык аба ырайы июль айында күтүлөт.

Абды Суеркулов айыл аймагында алты айыл бар. Торкен айылы айыл аймактын административдик борбору болуп саналат. 2026-жылдын 1-январына карата маалымат боюнча айыл аймактын калкынын саны 14 649 адам, түтүндүн саны 2 218.

Калктын кирешесинин негизги булагы мал чарбасы түзөт. Айыл аймактын калкынын 75% мал чарбасында эмгектенишет,20% -жер иштетүүчүлөр жана 5% башка тармактарда эмгектенишет.

**Калктын жана түтүндөрдүн саны тууралуу маалымат**

***1-таблица***

| № | Айылдын аталышы | 2026 -жылдын башына карата | |
|---|---|---|---|
| | | Калктын саны (адам) | Түтүндүн саны |
| 1 | Торкен | 5 529 | 879 |
| 2 | Кара-Жыгач | 3 108 | 442 |
| 3 | Көтөрмө | 1 671 | 226 |
| 4 | Коргон | 833 | 121 |
| 5 | Сары –Сөгөт | 2 267 | 341 |
| 6 | Бел-Алды | 1 241 | 193 |
| | **Бардыгы:** | 14 649 | 2 218 |

# 2. Жер ресурстары

Айыл аймагындагы жайыт жерлерди кошкондо жер ресурстарынын жалпы аянты **70 083 гектарды** түзөт, анын ичинен жайыт 62 489 га.

Айыл аймакта узак мөөнөттүү пайдалануудагы участоктор бар, ошондой эле жайкы сезондо мал жаюу үчүн Панфилов районунун Орто-Кайыңды айыл аймагынын жайыттарын пайдаланышат.

Төмөнкү 2-таблицада айыл чарба жерлеринин категориялар боюнча аянты көрсөтүлгөн.

***1-таблица***

| № п/п | Айыл чарба жерлеринин түрлөрү | Айыл аймактын территориясында, га | Алардан башка, убактылуу пайдаланyудагы, га | | | Баардыгы, га |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | УМП | МТФ | Башкалардан | |
| 1 | Айдоо жерлер | 3 672 | | | | |
| 2 | Көп жылдык өсүмдүктөр өстүрүлгөн жерлер | 3 878 | | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 3 | Бак-дарактар-бадалдар өстүрүлгөн жерлер | 44 | | | | | |
| 4 | Жайыттар | 62 489 | | | | | |
| 5 | Башка жерлер | - | | | | | |
| | **Жалпы:** | 70 083 | | | | | |

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилери жана жооптуу адамдары*:***

***4-таблица***

| № | Аты-жөнү | Кызмат орду, Мекеме | Электрон дук почта | Байланыш телефону |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Мукушов Шерик Кубанычбекович | Жергиликтүү кеңештин төрагасы | | 0705688761 |
| 2 | Жаманкулов Өскөн Эсенкулович | Айыл өкмөт башчысы | | 0702522559 |
| 3 | Сманбеков Чолпонбек | Малдардын ден соолугун коргоо тобунун башчысы | | 0501639393 |
| 4 | Сулайманов Дайырбек Таттыбаевич | Жайыт боюнча адис | | 0503724727 |

## 3. *ЖАЙЫТ РЕСУРСТАРЫ , ИНФРАСТРУКТУРА ЖАНА АЛАРДЫН АБАЛЫ*

### 2.1 Жайыт ресурстарынын жалпы мүнөздөмөсү (аянты, түшүмдүүлүгү, сыйымдуулугу, абалы)

Абды Суеркулов айыл аймагынын учурдагы жамааттык мал жаюу системасы Тузду-Суу участокту же жайыттарды башкаруунун түштүк зонасын (жайлоолор) камтыйт. Ошондой эле, түшүм жыйналып алынгандан кийин айдоо жерлерге, көп жылдык өсүмдүктөр өстүрүлгөн жерлерге мал жайылат. Ар бир жайлоолордо талаа жана шалбаалуу талаа жайыттары бар. Пайдалануу мезгили боюнча жайыттар жазгы-күзгү, жайкы, кышкы болуп бөлүнөт, бирок чындыгында жайыт мезгилдерге жараша жаз-жай, жаз-жай-кыш; жай; күз-кыш жана жыл бою пайдаланылат.

Жайыт участокторунун мүнөздөмөлөрү боюнча таблица *№5*

| № | Участоктун аталышы | Колдонуу сезону (Карта №1) | Жайыттардан башка жерлер, га | Жайыттар, га | | | Жалпы мал жайылуучу участок, га |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Жалпы аянты | Анын ичинен | | |
| | | | | | Колдонулбаганы | Колдонулганы | |
| 1 | Акынкы жайыт | | | 13 276 | | 13 276 | 13 276 |
| 2 | Ой-Тал | | | 3 250 | | 3250 | 3250 |
| 3 | Кош-Тектир | | | 1020 | | 1020 | 1020 |
| 4 | Бөрүкөрбөс | | | 1700 | | 1700 | 1700 |
| 5 | Шиленкана | | | 880 | | 880 | 880 |
| 6 | Чон-Дөбө | | | 6900 | | 6900 | 6900 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 7 | Торпу | | | 500 | | 500 | 500 |
| 8 | Шай | | | 6700 | | 6700 | 6700 |
| 9 | Тепши | | | 1660 | | 1660 | 1660 |
| 10 | Кум-Конуш | | | 980 | | 980 | 980 |
| 11 | Жүзумдү | | | 3340 | | 3340 | 3340 |
| 12 | Кашка Суу | | | 1950 | | 1950 | 1950 |
| 13 | Жаманбай Бел | | | 4600 | | 4600 | 4600 |
| 14 | Туздуу Суу | | | 2700 | | 2700 | 2700 |
| 15 | Ак Таш | | | 1350 | | 1350 | 1350 |
| 16 | Бортеке | | | 1800 | | 1800 | 1800 |
| 17 | Муз Төр | | | 2500 | | 2500 | 2500 |
| 18 | Кичи Суусамыр | | | 6 183 | | 6 183 | 6 183 |
| | | | | | | | |
| **Жалпы:** | | | | | | | 62489га |

**<u>Жайыттардын түшүмдүүлүгү, сыйымдуулугу жана алардын абалы</u>**

Жайыттардын түшүмдүүлүгү: жайкы 10ц/га; жазгы-4ц/га; кышкы-1ц/га жана күзгү-2ц/га. Түшүмдүүлүгү азыраак жайыт участоктору жыл бою пайдаланыла турчулар. Калктуу конуштарга жакын жайгашкан жакынкы жайыттар жана жыл бою пайдаланылуучу участокторду кошпогондо, жайыт аянтындагы малдын жүгү жайыт участокторунун сыйымдуулугуна туура келет/келбейт.

Башкаруу планына ылайык, 2026-2030 жыл аралыгында жайыттардын абалына мониторинг жана баа берүү негизги жайыттын 2 (саны жазылат) участоктору (айылга жакын жайыттар Барын (аталышы) участогунда, Артак участкасында жүргүзүлдү (жайыттардын абалына мониторинг жана баа берүүнүнүн жыйынтыктарын ушул жерден же тиркемеден таанышса болот).

Жайыттардын абалына мониторинг жана баалоонун жыйынтыктары боюнча мурдагы кургакчыл жылдардын жана малдын ашыкча жайылышынын таасири алдында,

Артак (аталышы) жайыт участогу жеңил деградацияланган (баалоо баллы 2). Калган участоктордун абалы жакшы. Баалоонун орточо баллы 4 түзөт.

*(Толук маалымат менен Excel программасында тиркемеден таанышса болот)*

### 2.2 Жайыт инфраструктура объектилери жана алардын абалы

Айыл өкмөтү түзгөн жумушчу топ айыл аймактын жайыттарындагы инфраструктуранын абалына анализ жүргүздү. Айыл аймактын территориясында ветеринардык **аптека**, **купка** жана **Беккари** чуңкурчасы бар. Ушул объектилер жакшы абалда жана иштеп жатат. Айыл аймакта жайыттарга алып баруучу 120 км жол бар. Анын ичинен 35 км начар абалда турат.5 көпүрөлөрдөн 2 көпүрө кооптуу абалда турат. 3 мал суу ичүүчү жайлардын 1 ремонт же калыбына келтирүү талап кылынат.

### 2.3 Климаттын өзгөрүшүн эске алуу менен жайыттардын абалын баалоо анализи

Абды Суеркулов айыл аймагында акыркы жылдары аба ырайынын өзгөрүүсү байкалууда: 2025-жыл кургакчыл болгон, жайы жаан-чачынсыз жогорку температурада болгон. Жайыттарда чөптөр күйүп, кээ бир булактар соолуп, мунун баары малдын продуктуулугуна терс таасирин тийгизген. 2024-жылы жаз-жай айларында жаан-чачындын көп жаашы жайыттардын өсүмдүктөрүнө жакшы таасирин тийгизген.

Ошол эле учурда, малды жайкы жайыттарга өз убагында айдап чыгууда кыйынчылыктар болгон (төмөн температура, нөшөрлөп жааган жамгыр, сел, дарыялардын толкундуу агымдары аркылуу өтүүдөгү кыйынчылыктар ж.б. байланыштуу жайыттарда чөптөрдүн кеч өсүп чыгууда).

Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин маалыматы боюнча айыл аймагында сел жүрүү коркунучу бар жайыт участкалары Шиленкана,Тузду-Суу,Кум-Бел жер көчкү жүрүү коркунучу бар жерлер бар. Бул участкалардагы жайыттарды пайдалануу планын түзүүдө, Кыргызгидромет тарабынан иштелип чыккан аба ырайынын болжолдоолору жана Эрте кабарлоо системасынын маалыматтары колдонулат.

Климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлаштыруу боюнча негизги жумуш:

- өзгөчө кырдаалдарды (сел, катуу суук жана жаан-чачындар, жер көчкүлөр, кургакчылык ж.б. дуушар болуучу территориялар) болжолдоо мониторингинин натыйжалары боюнча иш-чараларды пландаштыруу.
- жайыт пайдалануучуларга климаттын өзгөрүшүнүн жайыттарга жана малдын продуктуулугуна тийгизген таасирин түшүндүрүү;
- жайыттардын сыйымдуулугуна жараша мал жаюунун планын иштеп чыгуу менен, ага жылдын аба ырайы да таасир этет;
- деградацияланган участкаларга жайыттарды которуштуруп пайдалануу;
- жайыттарды эс алдыруу жана пайдалануу мөөнөтүн жөнгө салуу;
- инфраструктураны жакшыртуу, куруу жана реабилитациялоо (сарайлар, көп жылдык чөптөрдү себүү, жер семирткичтерди берүү, сугат жерлерин түзүү ж.б.);
- кышкы тоюттандыруу үчүндагы, кургакчылык учурунда дагы тоюттун камсыздандыруу запастарын көбөйтүү;
- климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашкан жаныбарлардын тукумдук курамын жакшыртуу.

## 3. МАЛДАРДЫН САНЫ, АЛАРДЫН ЖАЙЫТКА ЖАНА ДАЯРДАЛУУЧУ ТОЮТТАРГА БОЛГОН МУКТАЖДЫГЫ

### 3.1. Быйылкы жылга шарттуу малдын башы

2026-жылдын 1-январына карата айыл аймакта эсептелип чыккан малдын башы 15 000 шартуу мал башын түзгөн (6-таблица). Малдын бир нече түрү багылат, жана алардын ар бир түрүнө карата күн сайын жана ай сайын канча кургак зат керектелери эсептелген. Жергиликтүү фермерлердин көпчүлүгү негизинен эт өндүрүү үчүн бодо мал кармайт.Жандык малды күнүмдүк каржылоо үчүн мал базарга сатууга . Жылкыны кымыз өндүрүү жана айыл чарба жумуштарын аткаруу үчүн багышат.

***2026-жылга карата малдын башы жана түрүнө жараша тоюттун керектелиши***

***6- таблица***

| Тоюттарга негизги муктаждык 1 ШМБ =300 кг (___________А/А 1 уй = 1,13 ШМБ, жылкы = 1,3 ШМБ) | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **№** | **Малдардын түрү** | **Саны** | **Коэффициент*** | **ШМБ эквиваленти** | **Суткалык керектөө, кг** | **Кургак затка муктаждык,** |
| | | **C** | **D** | **E=C*D** | **F** | **G=E*F** |
| 1 | Ири мүйүздүү мал | 8 266 | 1,00 | 8 266 | 7,5 | 61 995 |
| 2 | Торпоктор (1 жашка чейин) | 0 | 0,7 | 0 | 7,5 | 0 |
| 3 | Кой-эчкилер | 17 745 | 0,2 | 3 549 | 7,5 | 26 617 |
| 4 | Жылкылар | 3 185 | 1,0 | 3 185 | 7,5 | 23 888 |
| 5 | Тайлар (1 жашка чейин) | 0 | 0,7 | 0 | 7,5 | 0 |
| **Бардыгы:** | | **29 196** | | **0** | **7,5** | **0** |
| **Кургак заттын жылдык керектелиши** | | | | | | **112 500** |

***Коэффициент** *– Малдардын тирүүлөй салмагын аныктоо боюнча ыкмасынын жыйынтыктарынан алынган (2-тиркемени караңыз).*

## 3.2. 5 жылга карата болжолдуу шарттуу малдын башы жана тоютка болгон муктаждык

2026 -2030 -жылдарга малдын ар кандай түрлөрү боюнча өсүү темпинин негизинде айыл чарба малынын санынын өсүү болжолуна талдоо көрсөткөндөй, орточо жылдык өсүш 3% түзөт, 2030-жылга карата ШМБ 16 881 шартуу мал башын түзөт жана 126 607 тонна кургак зат талап кылынат.

**7- таблица**

| **№** | **Малдардын түрү** | **Орточо жылдык өсүш +/-** | **Малдын түрү боюнча малдын шарттуу башынын орточо жылдык өсүшү тууралуу маалымат** | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **%** | **2027-ж.** | **2028-ж.** | **2029-ж.** | **2030-ж.** |
| | | | **C=(G*K%)+G** | **D=(C*K%)+C** | **E=(D*K%)+D** | **F=(E*K%)+E** |
| 1 | Ири мүйүздүү мал | 3 | 8 515 | 8 770 | 9 033 | 9 304 |
| 2 | Торпоктор (1 жашка чейин) | 3 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| 3 | Кой-эчкилер | 3 | 3 655 | 3 765 | 3 878 | 3 994 |
| 4 | Жылкылар | 3 | 3 280 | 3 378 | 3 479 | 3 583 |
| 5 | Тайлар (1 жашка чейин) | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| **Баардыгы ШМБ** | | | **15450** | **15913** | **16390** | **16881** |
| **ШМБ кургак затка болгон муктаждыгы жылдар боюнча** | | | **115 875** | **119 347** | **122 925** | **126 607** |

### 3.3.Сезон боюнча жайыттардагы жана жайыттан башка дагы жер участокторундагы тоюттун көлөмү

**8-таблица**

| Сезон | Жалпы аянты, га | Жайыттар | | | Жайыттардан башка жерлер | | | КЗ баардык дүн түшүмү, кг | Коэфициентти эске алуу менен керектелген КЗ, кг |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Аянты | Түшүмдүүлүгү*КЗ кг/га | КЗ дүн түшүмү, кг | Аянты | Түшүмдүүлүгү* КЗ кг/га | КЗ дүн түшүмү, кг | | |
| Жазгы | 15 019 | | | 0 | | | 0 | 0 | 0 |
| Жайкы | 25 170 | | | 0 | | | 0 | 0 | 0 |
| Күзгү | 15 000 | | | 0 | | | 0 | 0 | 0 |
| Кышкы | 7 300 | | | 0 | | | 0 | 0 | 0 |
| **Жалпы** | 62 489 | **0** | | **0** | | | **0** | **0** | **0** |

Ар бир жайыттын орточо түшүмдүүлүгү (жайыттарда жана жайыт участокторунан башка жерлерде тоюттун болушун сезон боюнча эсептөөдө жана талдоодо) ар бир чарчы метрге бааланган, кургак заттар таразага тартылып, колдо болгон чөптү аныктоо жана кг/га негизинде бааланган. Жайыттарда жаюунун жол берилген ченемдери орто эсеп менен 50-60% түзөт.

### 3.4 Даярдалуучу тоюттун көлөмү

Даярдалуучу тоюттун түшүмдүүлүгүнүн маалыматы 2025-ж. статистикалык маалымат боюнча алынды.

**9-таблица**

| № | Тоюттун түрү | Айдоо жерлеринин аянты, га | Түшүмдүүлүк, кг/га | Дүң жыйым, в кг | 1 күнгө/ ШМБ | 1 айга/ ШМБ | Короодо кармоо мезгили/ ШМБ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | C | D | E=C*D | F=E/7,5кг | G=E/(7,5*30,4) | H=E/(7,5*136күн) |
| 1 | Көп жылдык чөптөр (Эспарцет, беде 3-4 чабык) | | | 0 | 0 | 0 | 0 |
| 2 | Арпа саманы | | | 0 | 0 | 0 | 0 |
| 3 | Буудай саманы | | | 0 | 0 | 0 | 0 |
| 4 | Жүгөрү саманы | | | 0 | 0 | 0 | 0 |
| | **Бардыгы** | | | **0** | **0** | **0** | **0** |

### 3.5 Тоют балансы

Жайыттардын түшүмдүүлүгүнө жана колго даярдалуучу тоюттардын көлөмүнө жүргүзүлгөн анализге ылайык, айыл аймакта жайыт жана даярдалуучу тоюттар жетиштүү өлчөмдө камдалган. Малды кыш мезгилинде тоют менен камсыздоо үчүн жетиштүү көлөмдөгү тоют даярдалат, анткени айдоо аянттары айыл аймактын ар бир тургунуна малды багууга жетиштүү өлчөмдөгү жер үлүшү бөлүнүп берилген.

**2026-жылга карата жана ар бир мезгилге жараша тоют балансы**

**10- таблица**

| Мезгилдер | Күндөр | Тоют ресурстары | Малдын тоютка болгон муктаждыгы | Колдо бар тоюттун көлөмү | Камсызд уулук +/- | Тоют камсыздуу улугу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | D | E | F=D-E | G=E/D*100 |
| | | | (КЗ/тонна) | | | % |
| | 61 | Жайыт тоюттары | | | 0 | |
| | | Даярдалуучу тоюттар | | | 0 | |
| | | **Жалпы** | | | **0** | |
| | 92 | Жайыт тоюттары | | | 0 | |
| | | Даярдалуучу тоюттар | | | 0 | |
| | | **Жалпы** | | | **0** | |
| | 76 | Жайыт тоюттары | | | 0 | |
| | | Даярдалуучу тоюттар | | | 0 | |
| | | **Жалпы** | | | **0** | |
| | | Жайыт тоюттары | 0 | | | |
| | | Даярдалуучу тоюттар | | | 0 | |
| | | **Жалпы** | | **0** | **0** | |

## 4. 5 ЖЫЛГА КАРАТА ЖАЙЫТТАРДЫ БАШКАРУУ ЖАНА ПАЙДАЛАНУУ, АЛАРДЫ ЖАКШЫРТУУ ЖАНА РЕАБИЛИТАЦИЯЛОО БОЮНЧА ОРТО МӨӨНӨТТҮҮ ПЛАНЫ

### 4.1 Фокус топторду сурамжылоонун жыйынтыктарынын негизинде жайыт пайдалануучулардын муктаждыктарын баалоо анализи

Айылдардын жалпы чогулуштарында жана жыйындарында төмөнкү артыкчылыктуу багыттар аныкталды, аларды чечүү климаттын өзгөрүү шарттарында жайыт пайдалануучуларга ыңгайлашууга жана туруктуу өнүгүүгө мүмкүндүк берет:

***Өнүктүрүүнүн артыкчылык багыттары***

**11- таблица**

| № | Маселе | Иш-чара | Күтүлүүчү жыйынтык |
|---|---|---|---|
| ***Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча*** | | | |
| 1 | Барын участкаларда деградациянын белгилери байкалууда | Жайыттардын абалына мониторинг жана баалоо жүргүзүү | Деградациянын себептери аныкталып, алардын алдын алуу боюнча чаралар белгиленди |
| 2 | Карагайлуу участкалардагы ротацияны бузгандыктан малдын көп жайылышы байкалууда | Жайыттардагы сезондук ротацияны жакшыртуу жана эс алдыруу менен мал жаюу системасын жакшыртуу | Сезондук которуштуруп айдоону киргизүүнүн натыйжасында жакынкы жайыттар жайында толугу менен эс алат, мунун натыйжасында чөптөр калыбына келтирилет. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3 | Тузду-Суу жайыт участоктору отоо чөптөр менен капталган (мисалы караган) | Бадал менен күрөшүү чараларынын системасын иштеп чыгуу | Жүргүзүлгөн иш-чаралардын жыйынтыгында мал жаюу үчүн 120 га жайыт жеткиликтүү болот. |
| 4 | Жаныбарлар ысык стресстен кутулууга же ташуу учурунда аба ырайынын начардыгынан баш калкалоого _______-жайыттарда ...... жаныбарлар үчүн эс алуу жайлары жана коргоочу көчөттөр жок. | Жаныбарлар үчүн баш калкалоочу жайларды куруу, коргоочу көчөттөрдү отургузуу | Баш калкалоочу жайларды куруунун, бак-дарактарды отургузуунун жыйынтыгында, ысык же бороондуу күндөрдө жаныбарлар баш калкалоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат, натыйжада продуктуулугу стресстүү шарттарда төмөндөбөйт. |
| 5 | Жазгы мезгилде жайыт тоютунун жетишсиздиги байкалган. | 30 га участокго эспарцет үрөөнүн себүү менен сыноо жүргүзүү | Маданий жайыттарды түзүүнүн натыйжасында бул райондо пор-циялуу мал жаюуну уюштурууга мүмкүнчүлүк түзөт. Бул жазгы жаратылыш аймактарына жүктү азайтат. |
| ***Жайыт инфраструктуралары боюнча*** | | | |
| 1 | | | |
| 2 | | | |
| 3 | | | |
| ***Мал чарбасы жана малдын ден-соолугун коргоо боюнча*** | | | |
| 1 | | | |
| 2 | | | |
| 3 | | | |
| ***Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын потенциалын жогорулатуу*** | | | |
| 1 | Мамлекеттик жайыт жерлерин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан натыйжалуу жана сарамжалдуу башкаруу үчүн | Жайыттардын абалына мониторинг жана баалоо жүргүзүү боюнча окутууларды уюштуруу<br><br>Жайттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча планды жана жайыттарды пайдалануунун ар жылдык планын иштеп чыгууну жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына окутуу | Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнүн билимдери жогорулатылды, бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин жакшыртууга мүмкүндүк берет |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүн жайыттарды башкаруунун укуктук негиздери боюнча окутуу | |

**4.2 Жайыттардын абалына мониторинг жана баалоо жүргүзүү боюнча чаралары**

Айыл аймагында жайыттарды туура пайдалануу үчүн Барын, Артак участкалардын аталыштары) участоктору атайын тандалып алынган, бул аймактарда жыл сайын жайыттардын абалына мониторинг жүргүзүлүп, алынган натыйжалар башка ушул сыяктуу жайыт участкаларынын абалына баа берүү үчүн колдонулат. Мониторингдин жыйынтыктары жайыттарга мал жаюу системасын жана абалын жакшыртуу боюнча чараларды тууралоо үчүн жыл сайын колдонулат. Жайыттардын абалын жакшыртуу боюнча иштерди улантуу жана көрүлүп жаткан чаралардын эффективдүү болуусу үчүн жайыттардын абалына мониторингди жыл сайын жүргүзүү пландалууда.

**12- таблица**

| **№** | **Участоктун аталышы** | **Жайыттын тиби** | **Пайдалануу сезону** | **Аянты, га** | **Мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө тандалып алынган участоктордун аталышы** | **Жылдар боюнча моиторинг жана баалоо жүргүзүү** | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | **20_** | **20_** | **20_** | **20_** | **20_** |
| 1 | | | | | | х | х | х | х | х |
| 2 | | | | | | | | | | |
| 3 | | | | | | | | | | |
| 4 | | | | | | | | | | |
| 5 | | | | | | х | х | х | х | х |
| 6 | | | | | | | | | | |
| **Всего:** | | | | | | | | | | |
| 7 | | | | | | х | х | х | х | х |
| 8 | | | | | | | | | | |
| **Всего:** | | | | | | | | | | |
| 9 | | | | | | х | х | х | х | х |
| 10 | | | | | | | | | | |
| 11 | | | | | | | | | | |
| 12 | | | | | | х | х | х | х | х |
| 13 | | | | | | | | | | |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 14 | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | |
| **Всего:** | | | | | | | | | | |
| 15 | | | | | | x | x | x | x | x |
| **Всего:** | | | | | | | | | | |
| **Итого:** | | | | | | | | | | |

Жайыттардын абалынын мониторинги жана баалоосунун жыйынтыктары (шаблон) жылдар боюнча ушул Excel программасындагы “Мониторинг жана баалоо” таблицалары менен толтурулат.

Мониторинг жана баалоо таблицасы.

### 4.3 Жайыттарды пайдалануу планы

Жайыттардын абалын жакшыртуу үчүн жазгы-күзгү жайыттардын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу максатында иреттүү жайыт пайдалануу эрежелерин сактоо жана малдын саны жайыттын сыйымдуулугуна туура келүүсүнө көзөмөл кылуу пландалууда. Жайыттарды которуштуруу планы Жайыттардын абалына мониторинг жана баалоо жүргүзүүнүн (ЖАМБЖны 3-тиркемеден толук тааныша аласыздар) жыйынтыктарынын негизинде жеңил деградацияга учураган участокторду узак мөөнөттүү же 50% эс алдыруу боюнча иш-чаралар төмөндөгү 13-таблицада көрсөтүлгөн.

**2026– 2030-жалдарга карата жайыт которуу графиги**

**13- таблица**

| **Участоктордун аталышы** | **Жайыт аянты, га** | **Пайдалануу мезгили** | **Жылдар** | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **2026** | **2027** | **2028** | **2029** | **2030** |
| Тузду-Суу | 2700 | Жай | мал жайуу эрежесин сактоо м/н | мал жайуу эрежесин сактоо м/н | мал жайуу эрежесин сактоо м/н | мал жайуу эрежесин сактоо м/н | мал жайуу эрежесин сактоо м/н |
| Бортеке | 1800 | | | | | | |
| Барын | 3250 | Жаз, жай | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу |
| Ой-Тал, Кош -Тектир | 2220 | | | | | | |
| Бөрүкөрбөс | 1700 | Жаз, жай | | | | | |
| Шиленкана | 880 | | | | | | |
| Чон-Дөбө | 6900 | | | | | | |
| Шай | 6700 | | | | | | |
| | | Жай | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу | | | | |
| Тузду-Суу | 2700 | Жыл бою | 50% эс алдыруу | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу | | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу |
| Бортеке | 1800 | | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу | 50% эс алдыруу | | | |
| Барын | 3250 | Күз, кыш | | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу | 50% эс алдыруу | | |
| Ой-Тал, Кош -Тектир | 2220 | | | | | | |
| Бөрүкөрбөс | 1700 | Күз | | | | 50% эс алдыруу | |
| Шиленкана,Шай, Чон-Дөбө | 14480 | Күз, кыш | | | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу | | 50% эс алдыруу |
| | | | | | | | |

## 4.4 Башка максаттарда жайыттарды башкаруу жана пайдалануу планы

Жайыт пайдалануучулар Абды Суеркулов айыл аймагынын кышында малга тоют үчүн чөп жыйнашат жана ж.б. Ошондой эле картада жер тилкелери башка максаттарга пайдаланылат (картада сөзсүз түрдө көрсөтүү керек).

**14- таблица**

| **№** | **Участоктордун аталышы** | **Участоктоун жалпы аянты, га** | **Алардын ичинен жайыттарды башка максаттарда пайдаланууга берилген аянты, га** | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Аңчылык | Бал аарычылык | Туризм | жеңил конструкциядагы (капиталдык эмес) байланыш курулмаларын орнотуу | Пайдалуу кендерди алуу | Чөп даярдоо | Кымыз мн дарылоо | дары чөптөрдү, мөмө-жемиштерди чогултуу | Жарандардын эс алуусу | **Жалпы** |
| 1 | | | | | | | | | | | | | |
| 2 | | | | | | | | | | | | | |
| 3 | | | | | | | | | | | | | |
| 4 | | | | | | | | | | | | | |
| 5 | | | | | | | | | | | | | |
| 6 | | | | | | | | | | | | | |
| **Жалпы:** | | | | | | | | | | | | | |
| 7 | | | | | | | | | | | | | |
| 8 | | | | | | | | | | | | | |
| **Жалпы:** | | | | | | | | | | | | | |

## 4.5 Малдардын ден-соолугун коргоо боюнча иш-чаралар

Малдардын ден соолугун коргоо боюнча орто мөөнөттүү иш-чаралардын **максаты** айыл аймагынын деңгээлинде ветеринардык кызмат көрсөтүүлөрдү болгон ресурстарды эске алуу жана жылдык планга оңдоолорду киргизүү менен малдардын ээлеринин кирешелерин көбөйтүү иш-чараларын аткаруу аркылуу жакшыртуу болуп саналат.

- Фермердик жана жеке чарбалардын өнүгүү деңгээли малдын жалпы санынын динамикасы, өндүрүлгөн продукциянын өздүк наркы жана кирешелүүлүгү, тоют базасынын абалы сыяктуу стандарттык статистикалык көрсөткүчтөрдүн жардамы менен гана бааланбастан, ветеринардык тейлөөнү өнүктүрүү деңгээлин дагы эске алуу менен баалануга тийиш.
- Мал чабачылыгы ветеринардык тейлөө менен түз жана кайтарым байланышта. Бир жагынан ветеринардык кызматтын ишинин аз натыйжалуулугу жугуштуу ылаңдардын, малдын өлүмүнүн, өндүрүмдүүлүгүнүн начарлашы, алардын азыктуулугунун төмөндөшү пайда болуу коркунучун жаратат, экинчи жагынан мал чарбачылыкты туруктуу өнүктүрүү сапаттуу ветеринардык кызмат көрсөтүүлөргө муктаждыкты аккумуляциялайт, ошондой эле ветеринардык инфраструктуранын өсүшүнө жана анын натыйжалуу иштешине шарт түзөт.

Малдардын ден соолугун коргоо иш-чараларынын **милдеттерине** төмөнкүлөр кирет:

- айыл аймагынын деңгээлинде малдардын ден соолугун коргоо боюнча иш-чараларды өз убагында уюштуруу;
- жаныбарлардан жугуучу ылаңдардан адамдарды коргоо;
- болгон ресурстарды пайдалануу жана модернизациялоо аркылуу мал чарба продукциясынын санын арттыруу жана сапатын жакшыртуу, ошону менен бирге эле адамдардын жашоо деңгээлин көтөрүү.

**Иш-чараларга негизинен төмөнкүлөр кирет:**

**15- таблица**

| № | Көйгөйлөр | Иш-чаралар | Мөөнөтү / жылдар | | | | | Каржылоо булактары | Жооптуулар | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 2026 | 2027 | 2028 | 2029 | 2030 | | | |
| 1 | Ветеринардык инфраструктура объекттеринин жоктугу (раскол, күпкө ваннасы, Беккари чуңкуру, малды жасалма уруктандыруу үчүн көчмө каражаттар, ж.б.) | Ветеринардык инфраструктура объекттерин түзүү/куруу: | | | | | | | Жеке ветеринар, Айыл өкмөтү | |
| | | • Кой мончо | | | 1 | | | Жергиликтүү бюджеттин эсебинен | | |
| | | • Айыл жеринде жеке ветеринардык врачтын жумуш ордун түзүү (мекеменин профили, | 1 | 1 | | | | Жеке ветеринардын | | |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | формасы, ишкердиги жана аты, ошондой эле дареги жана иштөө убактысы мамлекеттик жана расмий тилде жазылып, илинип коюучу такта) | | | | | | каражатынын эсебинин | | |
| | | • Ветеринардык дарылоо үчүн раскол сатып алуу жана куруу | 1 | | | | | Жергиликтүү бюджеттин эсебинен | | |
| | | • Беккари чуңкурун куруу | | | | | 1 | Жергиликтүү бюджеттин эсебинен | | |
| 2 | Айыл аймактын аймагында жана анын карамагындагы жайыттарда өзгөчө коркунучтуу очоктордун жана айрыкча табигый-очоктуу ылаңдардын болушу жөнүндө маалыматтын жоктугу | Эпизоотиялык коопсуздук боюнча жайыттын абалын текшерүү үчүн материалдардын үлгүсүн алуу: жугуштуу ылаңдардын козгогучтарынын (патогендүү микроорганизмдер, топурактын жугуштуу ылаңы, ылаңдын козгогучтарынын ортоңку ээлеринин түрү, жугуштуу ылаңдарды таратуучулар/алып жүрүүчүлөр) болушуна, аларды лабораторияга жеткирүү, алынган натыйжаларды анализдөө жана иш-чараларды пландоо | | | 1 | | 1 | Жергиликтүү бюджеттин эсебинен | Жеке ветеринар, Айыл өкмөтү | Ветеринардык кызматтын райондук башкармалыктары менен биргеликте |
| 3 | Тоюттарда макро- жана микроэлементердин: витаминдердин, Са, Ф,селен, ж.б. жетишсиздигинен келип чыккан ылаңдардын жайылуу өзгөчөлүгү жөнүндө маалыматтын жоктугу | • Жайыт тоюттарын изилдөө максатында материалдардын (ар түрдүү чөптөрдүн саманын, чөптүн) үлгүсүн макро- жана микроэлементтердин: витаминдердин, Са, Ф, селен, ж.б. өлчөмүн текшерүү үчүн алуу<br>• Аларды лабораторияга жеткирүү, алынган натыйжаларды анализдөө жана иш-чараларды пландоо | | | | 1 | 1 | Жергиликтүү бюджеттин эсебинен | Жеке ветеринар, Айыл өкмөтү | |
| 4 | Ветеринардык врачтардын кесиптик квалификациясын жогорулатуу | Жеке ветеринардык врачтардын кесиптик деңгээлин жогорулатуу боюнча курстарды, семинарларды уюштуруу (адам) | 2 | 2 | 1 | 1 | 1 | Вет врачтын каражатынын эсебинен | КР СРАЧКИӨ, ВП, айыл өкмөтү жана Ветеринардык кызмат | |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 5 | Инфекция очогунун пайда болушу | Жугуштуу ылаңдарга каршы күрөшүү жана алдын алуу эрежелеринин талаптарына ылайык иш-чараларды уюштуруу | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | - | Жеке ветеринар, Айыл өкмөтү | |
| 6 | Малдардын ылаңдарына каршы алдын ала эмдөөдө малдын бардык түрүнүн жана жалпы санынын толук камтылбашына уруксат берилет | Малдын санынын толук камтылбагандыгынын себебин талдоо, эпизоотияга каршы иш-чаралардын пландарын оңдоо, жаныбарларды идентификация-лоо системасын жана НАДИС, РАДИС, ДОГс программаларын киргизүү, малдардын ээлери менен мамлекеттик органдардын ортосундагы келишимдик мамилелер системасына өтүү | | | | | | Жеке ветеринардын каражатынын эсебинин | Жеке ветеринар, Айыл өкмөтү, Вет. кызматы | |
| 7 | Малдардын ден соолугун коргоо боюнча иш-чараларды пландоо малдын түрүн жана жалпы санын каттабастан жүргүзүлүүдө, б.а. план реалдуу эмес | Малдардын ден соолугун коргоо боюнча иш-чараларды малдын жалпы башын (идентификация, эсепке алуунун жыйынтыктары боюнча), айыл аймактын табигый-климаттык өзгөчөлүктөрүн, козгогучтардын биологиялык өөрчүшүн эске алуу менен жыл сайын пландоо. | | | | | | Жергиликтүү бюджеттин эсебинен | Жеке ветеринар, Айыл өкмөтү | |
| 8 | Малдардын ден соолугун коргоо иш-чаралары тууралуу калк, айрыкча малдардын ээлери, начар маалымдалган | Жергиликтүү массалык маалымат каражаттарын пайдаланып, малдардын ээлери менен аңгемелешүүлөрдү, жолугушууларды өткөрүү аркылуу коммуникациялык иштерди уюштуруу жана ветеринария темасына арналган чакан китепчелерди чыгаруу | | | | | | Жергиликтүү бюджеттин эсебинен | Жеке ветеринар, Айыл өкмөтү | |
| 9 | Малдардын ден соолугун коргоо пландын аткарылышына мониторинг жүргүзүлбөйт | Малдардын ден соолугун коргоо планынын аткарылышына квартал сайын мониторинг жүргүзүү, Жайыт комитетинин отурумдарында мониторингдин жыйынтыгын жыл сайын талкуулоо жана Малдардын ден соолугун коргоо планынын аткарылышын жакшыртуу боюнча тийиштүү чараларды көрүү | | | | | | Жергиликтүү бюджеттин эсебинен | Жеке ветеринар, Айыл өкмөтү | |

## 4.6 Айлана чөйрөнү коргоо боюнча чаралар

**16- таблица**

| **Экологиялык элементтер** | **Тийгизген таасири** | **Айлана-чөйрөгө тийген таасирди азайтуу боюнча сунушталган чаралар** | **Иш-чараларды ишке ашыруу боюнча** |
|---|---|---|---|

| | | | институционалдык жоопкерчилик |
|---|---|---|---|
| **Топурак** | Топурактын деградациясы | Мал башынын деңгээлин жана мал жаюу мөөнөтүн баалоо.<br><br>Жайытка мал жаюу мөөнөтүн жана санын алмаштыруу.<br><br>Жайыттарды (желбеген, зыяндуу жана уулуу) отоо чөптөрдөн жана тикенектерден тазалоо.<br><br>Чөп катмары толук бузулганда жайыттарга чөптү кайра себүү.<br><br>Фермерлердин жайкы жайыттарды пайдалануусу үчүн аларга дем жана түрткү берүү керек. Жайыт чөптөрүнө тыныгуу берүү жана үрөндөрдүн бышып жетилишин камсыздоо үчүн жайкы жайыттарга ротациялык мал жаюу системасын киргизүү шарт. Мал жайылуучу жайыттарды жыл сайын алмаштыруу мүмкүндүгү каралууга тийиш. Малчылар жайыт чөптөрдүн өсүшү боюнча өзгөрүүлөргө байкоо жүргүзүп турушу зарыл. | Айыл өкмөтү, жергиликтүү жамааттар, жайыт пайдалануучулар |
| | Чөп катмары | Жайытка жайылуучу малдын алмашуу ырааттуулугу: жылкыларды, бодо малды, койлорду, эчкилерди жаюу.<br><br>Жайыттарды эс алдыруу: жайыттарга 4-6 жолу пайдаланылгандан кийин эс алуу берилет. Жайыттарды эс алдыруу жайыттардын сапатын жакшыртууда эң негизги ролду ойнойт. Үрөн себүү аркылуу айрым жайыт жерлериндеги чөптүн түрүнүн курамын жакшыртууга болот.<br><br>Жайыттын деградациясы төмөнкү чектен өтүп кеткен өзгөчө жагдайларда чөптү кайра себүү жана минералдык жер семирткичтерди колдонуу максатка ылайык болуп эсептелет.<br>Жайыттарга минералдык жер семирткичтерди себүү: минералдык жер семирткичтерди колдонуу (азот, фосфор, калий, комплестүү).<br>Жайыттарды малалоо.<br>Жайыттарга кошумча чөп себүү: | Айыл өкмөтү, жергиликтүү жамааттар, Кыргыз мал чарба жана жайыт илим-изилдөө институту, Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин департаменти. |
| **Инфраструктураны (мал айдап өтө** | Автоунаалар, курулуш техникасы, | Чаңды болтурбоо үчүн суу себүү жана курулуш аянтчаларын далдалоо жана тосуу сыяктуу чаңды басуу чаралары жана тийиштүү турмуш-тиричилик иш-чаралары. | Подрядчик айлана-чөйрөгө тийген тассирди азайтуу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **турган жол, көпүрөлөр, жолдор, суу ичүүчү жайлар ж.б.) калыбына келтирүү учурундагы атмосфералык аба** | ширетүү иштери, сырдоо иштери, цементти, шагылды, ташты түшүрүү. | Маскаларды, перчаткаларды жана атайын кийимдерди колдонуу.<br><br>Чаңга сезгич рецепторлорго тийген таасирди  эң төмөнкү чекке чейин азайтуу үчүн транспорт каражаттарынын кыймылын чектөө жана ылайыктуу транспорттук каттамды тандоо.<br><br>Төгүлмө материалдарды ташуучу автоунааны чечилме тент менен жабдуу. Курулуш аянтчаларына герметикалык каптарга салынган цементти гана алып келүү.<br><br>Чаң басуу жана булганууну эң төмөнкү чекке чейин азайтуу үчүн жанаша аймактагы тазалыкты коргоо, курулуш таштандыларынын түшүп калышын болтурбоо талап кылынат. | чаралардын аткарылышына жооп берет.<br><br>Иш чаралардын аткарылышына мониторинг жана контролду Айыл өкмөтү, жергиликтүү жамааттар, АРИС жүргүзөт. |
| **Жер үстүндөгү жана жер астындагы суулар** | Агып кетүүлөр аныкталган учурда сууну кайра иштетүү продуктулары (тунмалар) менен топурактын жана суунун булганышы; техниканы колдонууга байланыштуу суунун мунай заттары менен булганышы | Атайы бөлүнгөн участокту гана пайдалануу.<br>Курулуш учурунда колдонулуучу тийиштүү базалык курулуш нормалары жана стандарттары.<br>Техниканын майынын агып кетпегендигин күн сайын текшерүү; курулуш участогунда унааны жууга тыюу салуу. | Подрядчик айлана-чөйрөгө тийген тассирди азайтуу чаралардын аткарылышына жооп берет.<br><br>Иш чаралардын аткарылышына мониторинг жана контролду Айыл өкмөтү, жергиликтүү жамааттар, АРИС жүргүзөт |
| **Жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсү** | Пландалган курулуш аймагындагы Кызыл китепке киргизилген өсүмдүктөр жана жаныбарлар | Кызыл китепке киргизилген өсүмдүктөрдүн түрүн жана малдардын миграция жолдорун изилдөө<br>Курулуш аянтчасын жайгаштыруунун альтернативдүү варианттары | Подрядчик айлана-чөйрөгө тийген тассирди азайтуу чаралардын аткарылышына жооп берет.<br><br>Иш-чаралардын аткарылышына Консультант мониторинг жана байкоо жүргүзөт. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | Жайыт комитети, жергиликтүү жамааттар, АРИС |
| **Шамал жана суу эрозиясы** | | Суунун кармалышын камсыз кылуучу уюштуруу системасын жана агротехникалык иш-чараларды иштеп чыгуу,<br>- жер кыртышын жумшарткыч же оюлган корпустары бар шаймандар менен жерди айдоо,<br>- тилкелерде туташтыргычтарды жана толгомдорду пайда кылуу жолу менен жерди айдоо,<br>- чуңкурларды жана үзүлмө тилкелерди пайда кылуу,<br>- чуңкурларды жасоо,<br>- кар токтотуу,<br>- кар эрүүнү жөнгө салуу.<br>Суу эрозиясы менен күрөшүүнүн агротехникалык жолдоруна жерди туур айдоо технологиясы кирет. Тагыраак айтканда, жерди терең айдоо эриген кардын сууларынын натыйжалуу кармалгандыгына байланыштуу топурактын сууну сиңирүүсүн жогорулатат.<br>- топуракты жумшарткыч менен жабдылган соконун чымды аңтаргыч бөлүгү менен жерди терең айдоо – контурдук айдоо.<br>4° чейинки тоонун тик боорлорун куралма (тепкичтүү) жол менен айдоо.<br>- үзүлмө тилкелерди жасоо. | Подрядчик айлана-чөйрөгө тийген тассирди азайтуу чаралардын аткарылышына жооп берет.<br><br>Иш чаралардын аткарылышына мониторинг жана контролду Айыл өкмөтү, жергиликтүү жамааттар, АРИС жүргүзөт. |
| **Курулуш таштандылары** | Жакын аймактын, топурактын жана суу ресурстарынын булгануусу | Мүмкүн богон учурда таштандылардын бардык түрүн сорттоо, кайра пайдалануу жана иштетүү.<br><br>Кайра пайдаланылбай жана иштетилбей турган таштандыларды жок кылуу; жергиликтүү компаниялар менен биргеликте таштандыларды өзүнчө таштандылар үйүлгөн жерлерге чыгаруу жана жок кылуу; таштандыларды ачык жерде өрттөөгө тыюу салуу.<br><br>Курулуш жана демонтаж иштерин жүргүзүүдөн келип чыккан минералдык таштандылар жалпы жана органикалык таштандылардан бөлүнүүгө тийиш, суюк жана химиялык таштандылар сорттолуп, атайын контейнерлерде сакталууга тийиш.<br><br>Таштандыларды чыгаруу жана утилдештирүү документтери тийиштүү түрдө жүргүзүлүүгө тийиш, анкени алар курулуш | Подрядчик айлана-чөйрөгө тийген тассирди азайтуу чаралардын аткарылышына жооп берет.<br><br>Иш чаралардын аткарылышына мониторинг жана контролду Айыл өкмөтү, жергиликтүү жамааттар, АРИС жүргүзөт. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | аянттарындагы таштандынын талаптагыдай жок кылынгандыгынын далили катары эсептелет.<br><br>Турмуш-тиричилик таштандылары маселесине келгенде, жергиликтүү СЭС кызматтары таштандыны чогултуу жана утурумдук утилдештирүү үчүн таштанды чогултуучу резервуарларды уюштурууга тийиш. | |
| | | **Социалдык чөйрө** | |
| **Жумушчулардын жана тургундардын коопсуздугу** | Курулуш иштериндеги өндүрүш жаракаттары | Курулуш иштерин жана экологиялык коопсуздукту контролдоочу жергиликтүү инспекциялар; жергиликтүү калкка жүргүзүлө турган курулуш иштери жөнүндө тийиштүү түрдө маалымат берилиши керек.<br>Өндүрүш процесстеринин адамдарга жана айлана-чөйрөгө тийгизген терс таасирин азайтуу максатында бардык курулуш иштери коопсуздук жана тартипти коргоо методдорун колдонуу менен жүргүзүлүшү шарт.<br>Жеке коргонуу каражаттары коопсуздук стандарттарына (коргоочу атайын баш кийимдерди, маскаларды, зарыл учурда, курларды жана бут кийимдерди сөзсүз түрдө пайдалануу) жооп бериши талап кылынат. | Подряддык уюм |

## 4.7 Инвестициялар жана иш чаралар

Айыл өкмөттүн негизги пландалып жаткан иш аракети төмөндөгү багыттар боюнча:

- Мал жаюу системасын жакшыртуу
- Жайыттардын абалын жакшыртуу
- Жайыт инфраструктураларын өркүндөтүү жана реконструкциялоо
- Мал чарбасын өнүктүрүү
- Малдардын ден-соолугун жакшыртуу
- Климаттын өзгөрүүсүнө ыңгайлашуу
- Гендер басым жасоо менен кирше алып келүүчү иш аракеттер
- Билим даражасын жогорулатуу

**17- таблица**

| № | Иш-чаралар | Каржы булактары, сом | | | Жалпы сумма, сом |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Башкалар / долбоорлор | Башкалар (демөөрчүлөр) | Жергиликтүү бюджет | |
| ***2026-жыл*** | | | | | |
| 1 | Мал суу ичүүчү жай куруу Чыбыр,Кожо-Булак, Сары-Булак участкаларына | | | 212 700 | 212 700 |
| 2 | Айыл аймагына караштуу жайыт жерлериндеги узундугу 115 км жолду калыбына келтирүү | | | 260 950 | 260 950 |
| 3 | Мал дарылоочу жай куруу Торкен . Кара-Жыгач. Көтөрмө, Коргон, Сары-Сөгөт айылдарынын жайыт жерлерине | | | 626 400 | 626 400 |
| **Бардыгы** | | | | 1 100 050 | 1 100 050 |
| ***2027-жыл*** | | | | | |
| 1 | Жылда тазалануучу жайыт жолдорун тазалоого 120 км | | | 215 000 | 215 000 |
| 2 | Борду-Кыя көпүрөсүн оңдоого курулуш материалына | | | 150 000 | 150 000 |
| 3 | Көтөрмө айылы Кош-Тектир суусуна көпүрө салуу | | | 150 000 | 150 000 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 4 | Кара-Жыгач айылынын Кара-Терек -2 участкасындагы булакка мал суу ичүүчү жай куруу | | | 650 000 | 650 000 |
| | | | | | |
| **Бардыгы** | | | | 1 165 000 | 1 165 000 |
| ***2028-жыл*** | | | | | |
| 1 | Айыл аймагына караштуу жакынкы, ортоңку, алыскы жана кыштоого баруучу жайыт жолдорун тазалоо 200 км | | | 450 000 | 450 000 |
| 2 | Кишен участкасындагы Кишен суусуна мал өтүүчү көпүрө салуу | | | 600 000 | 600 000 |
| 3 | Каптаждарды оңдоого | | | 150 000 | 150 000 |
| 4 | | | | | |
| 5 | | | | | |
| **Бардыгы** | | | | 1 200 000 | 1 200 000 |
| ***2029-жыл*** | | | | | |
| 1 | Айыл аймагына караштуу жайыт жолдорун тазалоо | | | 300 000 | 300 000 |
| 2 | Мал дарылоочу жайларды оңдоого | | | 150 000 | 150 000 |
| 3 | Башка жумуштарга | | | 800 000 | 800 000 |
| **Бардыгы** | | | | 1 250 000 | 1 250 000 |
| ***2030-жыл*** | | | | | |
| 1 | Айыл аймагына караштуу жайыт жолдорун тазалоого | | | 400 000 | 400 000 |
| 2 | Башка жумуштарга | | | 900 000 | 900 000 |
| 3 | | | | | |
| **Бардыгы** | | | | | 1 300 000 |
| **Жалпы** | | | | | 6 015 050 |

**Эскертүү:** Жогорудагы багыттар боюнча 17-таблицага иш-чаралар ар бир айыл аймактын муктаждыктарына жараша иштелип чыгат.

**4.8 Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча пландын (мындан ары-ЖБПП) аткарылышына мониторинг жана баалоо жүргүзүү боюнча иш-чаралар**

**18- таблица**

| № | Иш-чаралар | Методдор | Мөөнөтү | Жооптуу адамдар | Аткаруу далилдери | Индикаторлор |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | ***Даярдоо этабы*** | | | | | |
| 1 | ЖБПП иштеп чыгууга, анын ичинде жайыттардын абалын жооптуу адамдарды аныктоо. Малдын анык санын эсептөө боюнча комиссияны түзүү (ар бир үйдө жана мал короолордо сурамжылоо жүргүзүү). | Талкуулар/су-нуштар | 1 күн | Айыл өкмөтү | Протокол, жооптуу адамдардын тизмеси | ЖБППны иштеп чыгуу жана жайыттардын абалын баалоо үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жооптуу адамдары аныкталды жана комиссия түзүлдү. |
| 2 | Расмий статистикалык маалыматты жыйноо | Документтерди карап чыгуу | 1 жума. | Айыл өкмөтү | А/А статистика бөлүмүнөн алынган статистикалык маалыматтар жөнүндө справка. | Статистикалык маалыматтар |
| 3 | Жооптуу адамдарды окутуу, консультация берүү | Тренинг, консультация берүү, коштоо | 2-3 күн | Айыл өкмөтү | Отчет | 1-3 тренинг/консультациялар |
| 4 | Мониторинг жүргүзүлө турган участокторду аныктоо | Документтерди, карталарды, ж.б. кароо | 0,5 күн | Айыл өкмөтү | Отчет | Участоктордун саны |
| 5 | Жайыттардын абалына баа берүү | Талаа жумуштары | 3-7 күн | Айыл өкмөтү | Отчет | Бардык керектүү маалыматтар жыйналды |
| 6 | Жыйналган маалыматты киргизүү жана иштеп чыгуу, жайыттардын абалы боюнча маалыматтарды талдоо | Кабинеттик жумуш | 2-3 күн | Айыл өкмөтү | Маалымат базасы (Excel электрондук таблицасы) | Маалымат базасы (Excel электрондук таблицасы), түшүмдүүлүк, жайыт участоктордун абалы жөнүндө маалымат |
| | ***Иштеп чыгуу стадиясы*** | | | | | |
| 7 | 5 жылдык ЖБППнын аналитикалык/стратегиялык бөлүктөрүн төмөнкү бөлүктөрдү кошуу менен иштеп чыгуу:<br>✓ Жалпы маалыматтар. | Кабинеттик жумуш | 1-3 жума | Айыл өкмөтү | 5 жылдык ЖБППнын болушу | Негизги бөлүктөр камтылган 5 жылдык ЖБППнын болушу |

| № | Иш-чаралар | Методдор | Мөөнөтү | Жооптуу адамдар | Аткаруу далилдери | Индикаторлор |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | ✓ Жайыт ресурстары, инфратүзүмдөр жана алардын абалы.<br>✓ Малдардын саны, алардын жайытка жана даярдалуучу тоюттарга болгон муктаждыктары.<br>✓ 5 жылга карата жайыттарды башкаруу жана пайдалануу, аларды жакшыртуу жана реабилитациялоо боюнча жамааттын орто мөөнөттүү планы. | | | | | |
| | ***Жайыттарды пайдалануунун ар жылдык планы (мындан ары- ЖПЖП)*** | | | | | |
| 8 | ЖПЖПны төмөнкү бөлүктөрдү кошуу менен иштеп чыгуу:<br>✓ Айыл өкмөтүнүн иш аракеттеринин графиги.<br>✓ Жайыттарды пайдалануу сезону.<br>✓ Жайыттардын абалына мониторинг жана баалоо жүргүзүү планы.<br>✓ ___-жылга карата шарттуу мал башынын иш жүзүндөгү саны.<br>✓ Жайыт пайдалануунун учурдагы жана пландаштырылган системасы.<br>✓ Жайыттарды, инфраструктурасын жана мал чарбасын өнүктүрүүнүн жана жакшыртуунун планы.<br>✓ Малдын ден соолугун коргоо тобунун иш- планы.<br>✓ ____-жылга карата бюджет.<br>✓ Жайыттарды мал жаюу жана башка максаттарда пайдалангандык үчүн жыйым.<br>✓ Жайыттарды пайдалануу режими жана бузуулар үчүн жоопкерчилик. | Кабинеттик жумуш | 1-3 жума | Айыл өкмөтү | Жылдык ЖБППнын болушу | Негизги бөлүктөр камтылган жылдык ЖБППнын болушу |
| | ***Макулдашуу стадиясы*** | | | | | |

| № | Иш-чаралар | Методдор | Мөөнөтү | Жооптуу адамдар | Аткаруу далилдери | Индикаторлор |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 9 | Жергиликтүү коомдоштуктун жыйынында (чогулушунда) ЖБППнын алдын ала вариантын талкуулоо жана макулдашуу. | Жыйын, сунуштар, комментарий-лер | 0,5 күн | Айыл өкмөтү, Жергиликтүү коомдоштук | Протокол. Комментарийлер жана сунуштар көрсөтүлгөн документ | Талкуулардын протоколу. Документ макулдашылган. Бардык сунуштар эске алынды. |
| 10 | ЖБППны ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгы (мындан ары-РАӨБ) кем жерин иштеп чыгуу менен макулдашууга жөнөтүү | - | 2 күн | Айыл өкмөтү, РАӨБ | Протокол. Комментарийлер жана сунуштар эске алынган документ | Талкуулардын протоколу. Документ макулдашылган. Бардык сунуштар эске алынды. |
| | **Бекитүү стадиясы** | | | | | |
| 11 | ЖБППнын финалдык долбоорун жергиликтүү кеңештин сессиясына бекитүүгө жөнөтүү. ЖБППны презентациялоо жана финалдык вариантын жактоо жана бекитүү | - | - | Айыл өкмөтү | Жергиликтүү кеңештин органы кароого кабыл алгандыгы жөнүндө кириш номерлүү кат. Протокол | Жергиликтүү кеңештин сессиясынын отуруму, Бекитилген жана мөөр басылган ЖБПП. |
| | **Ишке ашыруу стадиясы (ЖБППны ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын тизмеги)** | | | | | |
| 12 | Жергиликтүү коомдоштуктун жылдык жыйыны (чогулушу) | Чогулуш | 1 күн | Айыл өкмөт | Протокол | Чогулуш |
| 13 | Жайыт пайдалануучулар менен келишимдерди түзүү, жайыт билеттерин берүү, төлөмдөрдү жыйноо | - | Мал жаюуга чейин | Айыл өкмөтү, бухгалтер | Келишимдер, квитанциялар | Келишимдердин/би-леттердин, квитанциялардын саны |
| 14 | Ветеринардык-профилактикалык иштердин аткарылышын контролдоо | Справканын болушун текшерүү | регулярно | үзгүлтүксүз | ЖДСП, ЖВ | Отчеттор |
| 15 | Мониторингдик топту түзүү, мониторинг боюнча иш-сапарлары чакан долбоорлорду жүзөгө ашыруу боюнча базалык көрсөткүчтөрдү жыйноо | Байкоо жүргүзүү, сурамжылоо, интервью | 1 жолу, чакан долбоор башталганга чейин | ЧДТ | Отчет | Ишке ашыруунун жүрүшү тууралуу отчет |
| 16 | Чакан долбоорлорду жүзөгө ашыруу боюнча орто мөөнөттүү көрсөткүчтөрдү чогултуу үчүн мониторинг боюнча иш-сапарлары | Байкоо жүргүзүү, сурамжылоо, интервью | 1 жолу, чакан долбоор боюнча иштин ортосунда | ЧДТ | Отчет | Иштин жүрүшү боюнча отчет |

| № | Иш-чаралар | Методдор | Мөөнөтү | Жооптуу адамдар | Аткаруу далилдери | Индикаторлор |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 17 | Чакан долбоорлорду жүзөгө ашыруу боюнча жыйынтыктоочу көрсөткүчтөрдү чогултуу үчүн мониторинг боюнча иш-сапарлары | Байкоо жүргүзүү, сурамжылоо, интервью | 1 жолу, чакан долбоор боюнча иштин аягында | ЧДТ | Отчет, АКТ | Отчет жана эгерде курулуш долбоору болсо, подрядчиктин өткөрүү акты |
| 18 | Чыр-чатактарды чечүү жана жоюу боюнча иш-аракеттер | Сүйлөшүүлөр, жолугушуулар | үзгүлтүксүз | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары | Тартип бузуулардын саны | Ички эрежелер тууралуу маалымат берүү боюнча чогулуштардын жана консультациялардын саны; Тартип бузуулардын саны |
| 19 | Жергиликтүү коомдоштуктун мүчөлөрүнө мониторинг жана баалоонун жыйынтыктары тууралуу маалымат берүү. | Чогулуш | Жылына бир жолу | Айыл өкмөтү | Протокол | Чогулуш |
| 20 | Зарыл учурда иш планына мониторинг жана баалоонун жүрүшүндө алынган жыйынтыктарды эске алуу менен өзгөртүүлөрдү киргизүү | Кабинеттик жумуш | Жылына бир жолу | Айыл өкмөтү | ЖБПЖП | Өзгөртүүлөрдүн, толуктоорлордун саны |